КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
ТӨРТ-ГҮЛ
АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
ТӨРТ-ГҮЛ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-ГУЛЬСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТОРТ-ГУЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**2025-жылдын 7-августундагы**
**I – чакырылышынын кезексиз ачык VII сессиясынын**

**“Төрт-Гүл” муниципалдык ишканасына жылуулук берүү кызматкерлеринин айлык карызын жабууга субсидия бөлүү жөнүндө» №49-3 Токтому**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 3-апрелиндеги «Отун-энергетика комплекси боюнча кээ бир маселелер жөнүндө» УП №89 Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-июлундагы «Кыргыз Республикасынын энергетика министрлигинин карамагындагы «Кыргызтеплоэнерго» мамлекеттик ишканасын реорганизациялоо жөнүндө» №345 токтомуна ылайык, «Беловодское райондор аралык жылуулук менен суу берүү ишканасы» мамлекеттик ишканасынан Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн балансына объектилер өткөрүлүп берилгени белгиленди. Ошондой эле айлык карызы, социалдык төгүмдөр жана киреше салыгы боюнча жалпы суммасы 260,0 миң сом болгон карыз бар экени маалымдалды. Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн башчысы Байсульдаев Ж.Анын маалыматын угуп жана талкуулап,

Төрт-Гүл айылдык кенеши

**ТОКТОМ ЧЫГАРАТ:**

1. Айыл өкмөтүнүн башчысына муниципалдык ишкана «Төрт-Гүлгө» айлык карызды, социалдык төгүмдөрдү жана киреше салыгын төлөөгө 260,0 миң сом суммада, «Төрт-Гүл» муниципалдык ишканасын субсидиялоого бөлүнгөн каражаттардын эсебинен субсидия бөлүнсүн.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.А. Байсулдаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Ж.К. Маматкеримов**